**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

# АНЫКТАМА

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-майында кабыл алынган № 200 «Кыргыз Республикасындагы саясий кызмат жөнүндө» Жарлыгынын 2-пунктунун 9-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жаран Болотбек Сексенбешович Чокморовдун өтүнүчүнүн негизинде козголгон ишти токтотуу боюнча

2014-жылдын 12-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы төмөнкү курамында: төрагалык кылуучу - М.Ш. Касымалиев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Ж.М. Макешов, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О.Осмонова, К.С. Сооронкулова,

сот жыйналышынын катчысы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда,

соттук жыйналышта жаран Б.С.Чокморовдун Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-майында кабыл алынган № 200 «Кыргыз Республикасындагы саясий кызмат жөнүндө» Жарлыгынын 2-пунктунун 9-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти даярдоону жүргүзгөн судья-бандамачы К.С. Сооронкулованын маалыматын угуп, берилген материалдарды изилдеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

1. Жаран Б.С. Чокморов 2013-жылдын 30-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары — Конституциялык палата) Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-майында кабыл алынган № 200 «Кыргыз Республикасындагы саясий кызмат жөнүндө» Жарлыгынын 2-пунктунун 9-абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна каршы келет деп табуу жана анын күчүн жокко чыгаруу өтүнүчү менен кайрылган.

Жаран Б.С. Чокморов, жогоруда аталган жарлыктын 2-пунктунун 9-абзацында «адамды ээлеген саясий мамлекеттик кызмат ордунан бошотуу жөнүндө чечим даттанууга жатпайт» деп көрсөтүлгөн укуктук ченем жарандын эч чектелүүгө тийиш эмес соттук коргонуу укугун чектеп, соттук коргонууга тоскоолдук жаратып жатканын белгилейт.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, Б.С. Чокморов Ак-Талаа районунун акиминин биринчи орун басарлык кызматын ээлеп турган учурда, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2013-жылдын 4-июлундагы №311 буйругунун негизинде кызмат ордунан бошотулган. Ошого байланыштуу, Б.С. Чокморов Бишкек шаарынын Бириничи май райондук сотуна кайрылганда, сот Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесин, ошондой эле аталган Жарлыктын 2-пунктунун 9-абзацын жетекчиликке алып, Б.Чокморовдун доо арызын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан. Бул себептен, Б.Чокморов, соттук коргонуу укугу жарандын саясий кызмат менен шартталып жатканына нааразы болуп, Конституциялык палатага кайрылууга аргасыз болгонун билдирет.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2013-жылдын 7-октябрындагы аныктамасы менен Б.С. Чокморовдун кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алынган.

2. Б.Чокморов 2013-жылдын 11-октябрында Конституциялык палатага мурунку кайрылуусуна кошумча иретинде, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугун текшерүү өтүнүчү менен кайрылган. Бул өтүнүч 2013-жылдын 22-октябрында өндүрүшкө кабыл алынган.

Ушундай эле талап менен 2013-жылдын 23-апрелинде Конституциялык палатага жаран А.С. Токтоналиев кайрылган.

Ошондуктан, судья Э.Т.Мамыровдун аныктамасы менен 2013-жылдын 23-ноябрында, талаптардын бирдей болушуна байланыштуу, Б.С. Чокморовдун жана А.С. Токтоналиевдин өтүнүчтөрү боюнча козголгон өндүрүштөр бириктирилген.

2013-жылдын 26-ноябрында Конституциялык палата А.С.Токтоналиевдин жана Б.С.Чокморовдун кайрылуулары боюнча, «Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызматка шайлануучу, бекитилүүчү же дайындалуучу жетекчи кызматкерлерди иштен бошотуу, иштен бошотуунун күнүн жана себептерин жазма баяндоону өзгөртүү, башка ишке которуу, аргасыз ишке чыкпай калган же аз акы төлөнүүчү ишти аткарган жана тартиптик жаза берилген мезгил үчүн акы төлөө маселелери боюнча жекече эмгек талаш-тартыштар соттук эмес тартипте чечилет. Ушул статьяда белгиленген тартипте кабыл алынган чечимдер даттанылууга жатпайт» - деп баяндалган Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти караган.

Кароонун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган чечиминде, Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан алардын Конституцияда каралган ыйгарым укуктарын ишке ашырууда, саясий кызмат орундарына дайындалуучу, шайлануучу, бекитилүүчү адамдарга карата Эмгек кодексинин 427-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келет деп табылган.

3. Мындан тышкары, ишти кароого даярдоо учурунда «Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-майындагы «Кыргыз Республикасынын саясий мамлекеттик кызмат жөнүндө» Жарлыгына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 18-ноябрындагы №217 Жарлыгынын 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-майындагы № 200 «Кыргыз Республикасындагы саясий мамлекеттик кызмат жөнүндө» Жарлыгынын 2-пунктунун 9-абзацы күчүн жоготту деп табылган.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 41-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, эгерде конституциялуулугу талашылып жаткан акт ишти даярдоо же кароо процессинде жокко чыгарылса же ал күчүн жоготсо, ушул актынын иш аракети менен жеке же юридикалык жактардын конституциялык укуктары жана эркиндиктери бузулгандан тышкары учурларда, Конституциялык палата иш боюнча өндүрүштү токтотот.

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-майында кабыл алынган №200 «Кыргыз Республикасындагы саясий кызмат жөнүндө» Жарлыгынын 2-пунктунун 9-абзацы менен Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренеси бир катар укуктук мамилелерди жөнгө салуу менен өз ара тыгыз байланышта болгондуктан, Конституциялык палатанын 2013-жылдын 26-ноябрында кабыл алынган чечими, жогоруда аталган Жарлыктын 2-пунктунун 9-абзацынын конституциялуулугун текшерүү маселесин камтыйт жана Б.Чокморовдун талабына түздөн түз тийиштүү. Ошол себептен, Конституциялык палата аталган Жарлыктын 2-пунктунун 9-абзацынын конституциялуулугун текшерүүгө негиз жок деп эсептейт.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын

41-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктун, 46, 47-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Конституциялык палата

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Жаран Болотбек Сексенбешович Чокморовдун иши боюнча өндүрүш токтотулсун.

2. Конституциялык палатанын иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө аныктамасы тараптарды Конституциялык палатага ошол эле талап жана ошол эле негиздер боюнча кайтадан кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

3. Конституциялык палатанын аныктамасы кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет. Аныктама акыркы, даттанууга жатпайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**